И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д.13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Асанбекова Нурзат Асанбековнанын “Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери” аттуу темадагы, адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

***Илимий жетекчиси:*** Чыманов Жеңиш Арипович, педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши**. Асанбекова Нурзат Асанбековнанын “Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери” аттуу темадагы 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз тилин окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

- И.Арабаевдин алгачкы Кыргыз алиппеси, К.Тыныстановдун тунгуч Кыргыз тили окуу китептери, С.Нааматов жазган алгачкы методикалык эмгектеринин дидактикалык негиздери кыргыздын илимий педагогикасынын бай материалдарын түзсө да, бул тажрыйбалар, бул табылгалар илимий –методикалык жактан улантылбай, унутта калып келүүдө;
- кыргыз этнопедагогика илими калыптанып, өнүгүп, билим берүүнүн азыркы талаптарына жооп берген эмгектер жазылып, диссертациялык иштер корголуп, методикалык окуу куралдары жарыяланып келе жаткандыгына карабастан, алардын теориялык жана практикалык жыйынтыктары кыргыз тилин орто мектептерде окутуу процессинде кеңири колдонулбай келет;
- кыргыз тилин орто мектептерде окутууда элдик педагогиканын материалдары камтылып келатса да, алар толугу менен тилдик-лингвистикалык теориялык маалыматтарды үйрөтүүнүн алкагында гана колдонулуп келе жатат;

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 96 «25» 11 2021 г.

- аталган багыттарда заманбап методиканын жана технологиялардын иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары.** Изилдөөдө кыргыз педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган:

***1-жыйынтык:*** элдик педагогиканын изилдениш тарыхы жана ага негиз салган окумуштуулардын пикирлери жыйналып, аларды кыргыз тилин тилин окутуу методикасында колдонуу зарылдыгы аныкталып берилген, ошого ылайык кыргыз тили сабактарынын мазмунун арттырууда улуттук баалуулуктарды сабактын максаттарына ылайык кеңири колдонуунун артыкчылыктары көрсөтүлгөн;

***2-жыйынтык:*** сабактарда грамматикага айрыкча басым койбой, аны тилдин курулуш каражаты катары колдонуп, кыргыз тили сабагынын мазмунун этнопедагогикалык маалыматтар менен байытуу, аларды окутууда этнолингвистикалык ыкмаларды кеңири колдонуу сунушталган, ал үчүн кыргыз тили окуу китептерин өркүндөтүүдө, окутууда жана билимди баалоодо этнодидактиканын бай мүмкүнчүлүгүн пайдалануу сунушталган;

***3-жыйынтык:*** кыргыз тилин окутууда элдин оозеки адабиятынын, элдик каада-салт менен үрп-адаттарынын үлгүлөрүн камтыган материалдар аркылуу окуучулардын сүйлөө маданиятын, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө басым жасалган, алардын үлгүлөрү берилген;

***4-жыйынтык***. кыргыз тилин окутууда элдин оозеки адабиятынын үлгүлөрүн окуу каражаты катары кеңири пайдаланып, жаңы муунга жаңы форматта жеткирүү зарылдыгы белгиленген жан алар практикага сунушталган.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, жаңы сунуштар, жаңы идеялар алынган деп эсептөөгө болот.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негнзделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт.**

*1-жыйынтык:* Диссертант кыргыз тили окуу китептеринин улуттук үлгүлөрү катары Э.Арабаев менен К.Тыныстановдун Алиппе жана Биздин тил, Эне тили, Кыргыз тили окуу китептеринин мазмуну менен түзүлүшүн мисалга тартат. Алардагы улуттук билим берүү башаттарына таянат жана кыргыз балдарына кыргыз турмушун таанытуучу тексттердин, макал-лакаптардын жана тамсил –жомоктордун ролун көрсөтөт. Ал эми, учурдагы Кыргыз тили окуу программалары менен китептеринин анализинде алардагы артыкча теориялык материалдарды белгилөө менен, анын ордун элдик тил жана элдик педагогикалык бай материалдарды пайдалануу биринчи планган чыгуусу зарылдыгын белгилейт;

***2-жыйынтык:*** Окуу китептердеги стандарттуу көнүгүүлөрдү, ар түрдүү тематикадагы, бирок тарбиялык мааниси жок, грамматикалык темага карата жана грамматикалык формаларды гана далилдөө максатында топтолгон тексттерден көркөм, элдик оюндар, макалдар, "Манас" эпосу сыяктуу чыгармалардан үзүндүлөрдү жетишерлик киргизүү, ал аркылуу окуучулардын улуттук баалуулуктарды кабылдоосу жана байланыштуу сүйлөп, жаза билүү көндүмдөрүн өстүрүү максатын көздөгөн суроолор жана тапшырмалар көбүрөөк болуусу керектигин сунуштаган;

***3- жыйынтык:*** Диссертанттын демилгеси менен өткөрүлгөн Республикалык "Манастаануу" жана "Мен сүйгөн кыргыз макалы" интеллектуалдык телетаймаштарына катышкан окуучуларга кыргыз тилин окутууда элдик педагогиканын материалдарын колдонуунун натыйжаларын берүү менен, сабактарда азыркы технологияларды колдонуу, интерактивдүү аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү алда канча натыйжалуу болорун далилдүү берген;

***4- жыйынтык:*** Булардан сырткары, улуттук оюндарды, табышмактарды, улуттук салттарды жана үрп адаттарды камтыган тексттерди сабактарда колдонуунун ийкемдүү жолдорун тапкандыгы байкалат, анда аталган мазмундагы тексттердеги лексикалык каражаттарды, грамматикалык формаларды таап, сабакта аны талдап берүүсү, ушундай бир катар сабактардын үлгү фрагменттери жогоруда аталган жаңы ийгиликтеринин далили болуп саналат.

Мисалы, изденүүчү элдик педагогикалык материалдар кыргыз тилин окутуунун мазмуну жана каражаты болушу керектигин булар менен далилдеген:

-сүйлөөгө сүйлөшүү менен машыктырууну эске алат да, сүйлөшүүнүн өзү – текст болорун айтат, анан текст катары элдик педагогикалык материалдардан мисал келтирет (Диссертациянын 98-бетинен тартып, 140 – бетке чейинки материалдар буга далил.). Анын ичинен:

-грамматикалык материалдарды элдик педагогикалык материалдар менен бирге талдап үйрөтүүнү сунуштайт, мисалы: сүйлөмдүн түрлөрүн, сөз түркүмдорүн, сүйлөм мүчөлөрүн жана татаал синтаксистик конструкцияларды текстти талдоо менен түшүндүрөт;

-макал-лакаптардан, табышмактардан, санат-насыят ырларынан, элдик оюндар тууралуу тексттерден сүйлөмдүн бөлүнүшүн, түрлөрүн, сөз түркүмдөрүн, сүйлөм мүчөлөрүн, синтаксисттик татаал конструкцияларды таап, талдап, сүйлөмдөрдү толуктоо, текстти толуктоо ж.б. тапшырмаларды коюп, экспериментте ошолор боюнча балдардын билимин баалаган. Баалоодо атайын критерийлерди иштеп чыккан. Ошентсе да, бул айтылган

маанилүү нерселердин бир катары авторефератка сыйбай калгандыгы байкалат.

**5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жацылыгынын децгээли:**

**1-жыйынтык:** *жарым-жартылай жаңы,* кыргыз тили окуу китептерин учурда этнопедагогикалык багытта өркүндөтүүнүн зарылдыгынын белгилениши;

**2-жыйынтык**: *жаңы,* кыргыз тилин окутуунун мазмуну жана каражаты этнопедагогикалык материалдардын болушунун илимий проблема катары коюлушу;

**3-жыйынтык:** *жарым-жартылай жаңы,* жогорку класстарда кыргыз тилин окутууда этнопедагогикалык материалдарды сабактарда грамматикалык материалдар менен бирге үйронүүнүн берилиши;

**4-жыйынтык**: *жаңы,* кыргыз тилин окутууну этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методдору, ыкмалары изилдөөгө алынгандыгы, анын методологиялык негиздери аныкталгандыгы жана практикада сынлгандыгы;

**6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги**. Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү проблемага, теорнялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.** Диссертанттын илимий - изилдөөсү кыргыз тилин жогорку класстарда окутуунун мазмунун этнопедагогикалык материалдар менен байытуунун, аны колдонуунун негиздерин, методологиясын, методдорун иштеп чыккандыгы менен баалуу. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:** Диссертациялык изилдөөнүн материалдары боюнча автор тарабынан 12 илимий макала, 9 макала РИНЦке кирген басылмаларда, анын ичинде 2 макала Кыргыз Республикасынан тышкары жерден жарыяланган.

**9. Авторефераттын мазмуну диссертация менен дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине дал келет.

**10. Дисерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

1). Изилдөөнүн биринчи главасынын биринчи параграфы диссертациялык изилдөөнүн темасынын корөчө, монографиялык эмгектин

бир бөлүмүнүн аталышына окшошуп калган, аны илимий багытта аташы керек болчу;

2). Ошол эле главадагы Кыргыз тили окуу программасынын жана окуу китептеринин анализи 2-параграфтан өз алдынча параграф болуп бөлүнүп, изилдөөнүн учурдагы абалына кенен баа берилсе жакшы болмок; анализ жалпы маселелердин арасына кошулуп калган;

3) Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруудагы пайыздык көрсөткүчтөрдү берүүдө сандык жана сапаттык анализ так чагылдырылса жакшы болмок.

Ошентсе да, изилдөө мазмундуу, өзүнө коюлган талаптарга толук жооп берген, өз алдынча аткарылган изилдөө катары бааланат.

Алдын ала коргоодогу айтылган сын пикирлердин көбү четтетилген.

**11. КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.** Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү Асанбекова Нурзат Асанбековнанын "Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери" аттуу темадагы дисертациялык иши өзүнө коюлган талаптарга толук жооп берген жана тармак үчүн маанилүү изилдөө деп бааланат. Ал эми, анын автору жогоруда аталган темадагы, адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык жазылган диссертациялык изилдөөсү үчүн педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

Расмий оппонент: Рысбаев С.К., п.и.д., профессор

12-ноябрь, 2021-ж.

"Профессор С.К.Рысбаевдин колун тастыктайм".

КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления отзыва 15.11.2021 г.